**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**Ош мамлекеттик университети**

**Өзгөн эл аралык медициналык колледжи**

| ТАЛКУУЛАНДЫ | БЕКИТЕМИН |
|---|---|
| Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин педагогикалык кеңешинде | ОшМУнун ректору |
| №3 "30" октябрь 2023-ж | _______ Г.К. Кожобеков |
| _______ Ө.Т. Станбаев | "01" ноябрь 2023-ж |

Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин

**2024-2027-жылдарга**

**ӨНҮГҮҮ СТРАТЕГИЯСЫ**

Өзгөн 2023-ж.

| | |
|---|---|
| Мекеменин аталышы | Өзгөн эл аралык медициналык колледжи |
| Кыскартылган аталышы | ӨЭМК |
| Негизделген жылы | 2000-жыл (КРдин Билим берүү министрлиги тарабынан 2000–жылдын 25-июлундагы №09-42256 чечиминин жана ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинин 2000–жылдын 15–январындагы №4 токтомунун негизинде ачылган) |
| Жетекчилик | Станбаев Өзгөнбай Тиллабаевич |
| Каттоо күбөлүгү, лицензия | Каттоо күбөлүгү: ГПЮ № 0019258.<br>Лицензия: №LS220000287 |
| Бөлүмдөр, объектилер | Аудиториялык фонддун жалпы пайдалуу аянты 7755 $м^2$ .<br>2 окуу корпусу, спорттук аянтча, тренажердук зал, китепкана, окуу залы, электрондук китепкана. |
| Студенттердин контингенти | Студенттердин жалпы саны-410, анын ичинде чет элдик студенттер: Россия-10, Казахстан-1 |
| Адистиктер | “060102” Акушердик иши<br>“060108” Фармация<br>“060109” Медициналык айым иши<br>“060113” Физиотерапия |
| Окутуучу курамдын контингенти | Өзгөн эл аралык медициналык колледжиндеги профессордук-окутуучулук курамы-32, анын ичинен 26 штаттык, 6 айкалыштырган шартта эмгектенишет.<br>“Билим берүүнүн мыктысы”–5, “Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген дарыгери”-1, “Саламаттыкты сактоонун мыктысы”- 5. |
| Планды иштеп чыгуудагы негиздеме | 1. "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы.<br>2. 2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү программасы<br>3. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январындагы “Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы” жөнүндө Жарлыгы<br>4. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы “2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасы” жөнүндө Жарлыгы<br>5. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилеринин ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча айрым чаралар” жөнүндө Жарлыгы<br>6. «Ош мамлекеттик университетинин 2023- 2026-жылдарга туруктуу өнүгүү модели» стратегиялык программасы |
| Программанын максаты | Жалпы жана кесиптик компетенциялардын аныкталган топтомун практикада натыйжалуу колдонгон орто медициналык звенонун адистерин алуу максатында |

| | |
|---|---|
| | практикага багытталган кесиптик билим берүү окуу программасын түзүү. |
| Программанын милдеттери | 1-милдет: Окутуунун сапатын жогорулатуу<br>2-милдет: Окуу-методикалык иштерди күчөтүү<br>3-милдет: Санариптештирүү<br>4-милдет: Кадрлар<br>5-милдет: Практика<br>6-милдет: Тартуу<br>7-милдет: Студенттер<br>8-милдет: Материалдык-техникалык база<br>9-милдет: Программанын мониторинги жана баалоо |
| Аткаруу мөөнөтү | 2024-2027 жылдары |
| Максаттуу көрсөткүчтөр | Мамлекеттик билим берүү стандартынын талабына ылайык практикага багытталган орто билимдүү адистер менен коомдун муктаждыгын канааттандыруу |
| Булактары жана каржылоо көлөмү | |
| Юридикалык дареги | 723600 , Кыргыз Республикасы, Ош облусу, Өзгөн району, Өзгөн шаары Манас к., 215 |
| Сайт | http://umk.oshsu.kg/ |
| Электронндук почтасы | medkoll_uzgen@mail.ru |
| Байланыш маалыматтары | Тел.: +996 3233 5 30 44, факс: +996 3233 5 30 44 |

## 1-бөлүм. Программанын максаты

**Ош Мамлекеттик университетинин миссиясы** - жалпы адамзаттык баалуулуктарга ээ жана мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүн ишке ашырууга салым кошкон заманбап адистерди даярдоо (Ош Мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинин отурумунун 31-март, 2023-жылдагы №7-протоколу)

**Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин максаты** - саламаттык сактоо жаатындагы улуттук максаттарга жана ОшМУнун стратегиялык милдеттерине негизделген, региондун калкынын ден соолугун сактоо үчүн сапаттуу жана жеткиликтүү кызматтарды көрсөткөн орто медициналык звенонун адистерин даярдоо.

**Стратегиянын максаты** - жалпы жана кесиптик компетенциялардын аныкталган топтомун практикада натыйжалуу колдонгон орто медициналык звенонун адистерин алуу максатында практикага багытталган кесиптик билим берүү окуу программасын түзүү.

## 2-бөлүм. Учурдагы кырдаал

Колледжге 2014-жылдын 27-мартында №3/08 протоколдун негизинде №LC140000187 номерлүү лицензия (каттоо №14/0138), ал эми сертификат 2016-жылдын 28-мартындагы №389/1 буйругу менен №SD160000327 сертификат берилген.
Колледж толук кандуу иштегенге мүмүкүнчүлүк алган жана 2019-жылга чейин аттестациядан өткөн.

Колледж 2019-жылы 23-мартта көз карандысыз аккредитациялоодон ийгиликтүү өтүп, 2024-жылдын 05-апрелине чейин толук кандуу иштегенге мүмкүнчүлүк алган. Сертификат №VK190000405

Колледж Кыргыз Республикасынын конституциясына, “Билим берүү”мыйзамына жана башка мыйзам ченемдүү актыларга, орто кесиптик билим берүү мекемелеринин билим берүүдөгү типтүү жоболоруна, мамлекттик билим берүү стандарттарына, нормативдик актыларга жана ОшМУнун уставына негиздеп иш аракетин жүргүзөт. Окуу жайдын структурасы ректоратка сунуш берүү аркылуу аныкталат.

## 3-бөлүм. Артыкчылыктуу багыттар

**1-багыт. Окутуунун сапаты**

***1-тапшырма. Окутуунун сапатын жогорулатуу***

*Бул милдетти аткаруунун негизги багыттары төмөнкүлөр болушу мүмкүн:*

1. билим берүүнүн сапатын камсыздоо жана контролдоо системасын өркүндөтүү;

2. компетенттүүлүк мамиленин негизинде окутуучулардын окуу-методикалык иштерин күчөтүү;

3. практикалык саламаттык сактоодон кызматкерлерди тартуунун эсебинен окутуучулардын сапаттык курамын күчөтүү;

4. окутуучунун илимий-изилдөө иштерин күчөтүү;

5. окутуунун заманбап педагогикалык технологияларын колдонуу.

***2-тапшырма. Окуу-методикалык иштерди күчөтүү***

*Бул милдетти аткаруунун негизги багыттары төмөнкүлөр болушу мүмкүн:*

1. окуу-методикалык иштеп чыгууларды калыптандырууда инновациялык жана компетенттүүлүк мамилелерди киргизүү;

2. мамлекеттик стандарттын, кесиптик стандарттардын, НКББПнын, СОПтун жана клиникалык протоколдордун талаптарын эске алуу менен практикалык багыттагы окуу-методикалык иштелмелерди иштеп чыгууларды киргизүү.

***3-тапшырма. Санариптештирүү***

*Бул милдетти аткаруунун негизги багыттары төмөнкүлөр болушу мүмкүн:*

1. мугалимдердин МКТ көндүмдөрүн жакшыртуу;

2. окутуунун заманбап маалыматтык технологияларын колдонуу;

3. электрондук документтерди жүргүзүү боюнча практикалык саламаттык сактоо менен тажрыйба алмашуу;

4. окутууда электрондук китепкананы колдонуу;

5. электрондук документ жүгүртүүнү колдонууну өркүндөтүү;

6. практиканы санариптештирүү.

**4-тапшырма. Кадрлар**

*Бул милдетти аткаруунун негизги багыттары төмөнкүлөр болушу мүмкүн:*

1. окутуучуларды кошумча кесиптик билим берүү боюнча окутууну уюштуруу (квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо);

2. кадрларды издөө жана тандоону кеңейтүү;

3. окутуучулардын жана кызматкерлердин мотивациясы;

4. электрондук кадрдык иш.

**2-багыт. Адистерди даярдоодо практика багытын күчөтүү**

***1-тапшырма. Практика***

*Бул милдетти аткаруунун негизги багыттары төмөнкүлөр болушу мүмкүн:*

1. практиканын клиникалык базаларынын тизмесин кеңейтүү;

2. устаттар менен иштөөнү жакшыртуу;

3. чыныгы клиникалык шарттарда студенттерди даярдоонун сапатын жогорулатуу;

4. студенттердин жана мугалимдердин мобилдүүлүгү боюнча ишти активдештирүү;

5. клиникалык насаатчыларды даярдоо.

***2-тапшырма. Тартуу***

*Бул милдетти аткаруунун негизги багыттары төмөнкүлөр болушу мүмкүн:*

1. брендди таануу жана маалымдуулугу;

2. кызыкдар тараптарды тартуу менен иш-чаралар;

3. кызыкдар тараптардын мотивациясы;

4. студенттин окуу-изилдөө иштерин күчөтүү;

5. практикалык саламаттык сактоонун керектөөлөрүнүн негизинде иштелип чыккан окутуунун инновациялык программаларын киргизүү;

6. бүтүрүүчүлөрдү жумушка орноштуруу.

## 3-багыт. Окуу ресурстары жана студенттерди колдоо тутуму

***1-тапшырма. Студенттер***

*Бул милдетти аткаруунун негизги багыттары төмөнкүлөр болушу мүмкүн:*

1. студенттердин эс алуусун уюштуруу;

2. студенттик Кеңештин ишин активдештирүү;

3. инклюзивдик билим берүү принциптерин окуу процессине киргизүү;

4. студенттердин мотивациясы.

***2-тапшырма. Материалдык-техникалык база***

*Бул милдетти аткаруунун негизги багыттары төмөнкүлөр болушу мүмкүн:*

1. маданий-массалык жана ден соолукту чыңдоо комплекстери менен камсыз кылуу;

2. заманбап маалыматтык жана коммуникациялык технологиялар жана программалар менен камсыз кылуу;

3. заманбап окуу-тренажердук медициналык жана фармацевтикалык колдонмолор жана жабдуулар менен камсыздоо;

4. билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун камсыз кылуу;

5. студенттер жана окутуучулар үчүн жатакана менен камсыз кылуу;

6. долбоорлорго катышуу;

7. электрондук окуу материалдарын жана электрондук окуу чөйрөсүн дайыма жаңыртып туруу.

## 4-бөлүм. Стратегияны ишке ашырууда өнүгүү саясаты

1. жаңы адистиктер боюнча программаларды ачуу

2. негизги жалпы билим берүү программаларын киргизүү

3. кесипке багыт берүүчү курстарды, кошумча билим берүү курстарын ачуу

4. прикладдык бакалавриат ачуу

5. жогорку медициналык окуу жай статусун алуу

6. эксперименталдык, пилоттук программалардын негизинде жалпы адистиктерге киргизүү

## 5-бөлүм. Стратегияны ишке ашырууну финансылык камсыз кылуу

Стратегияны ишке ашыруу университеттин бюджетинин, донордук уюмдарды түзүүнүн, киргизүүнүн жана мониторингдин бардык этаптарына тартуунун эсебинен ишке ашырылат.

## 6-бөлүм. Программанын мониторинги жана баалоо

Стратегиянын ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүү жана баалоо жетекчилик тарабынан ишке ашырылат.